**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ 04-1-12/458 «24» 04 2021

Сизд.чыг. (На) №__________ «____» _________20___

**Ош облусунун**
**Кара-Суу районундагы**
**Папан айылдык кеңешинин**
**депутаттыгына талапкер**
**Н. Сайдазим уулуна**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК) айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлер бирдей добуштарды алышканда депутаттык манадаттардын бөлүштүрүлүшү боюнча Сиздин 2021-жылдын 23-апрелиндеги №01-12/1407 кайрылууңузду карап чыгып, төмөндөгүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, *«Талапкерлер добуштардын бирдей санына ээ болгондо мурда катталган талапкер шайланган болуп эсептелет. Эгерде талапкерлер бир күндө катталган болсо, маселе чүчүкулак өткөрүү жолу менен чечилет.»*.

Мында «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин жыйырма бешинчи абзацында *«катталган талапкер - шайлоо аркылуу жергиликтүү кеңештин депутатынын кызмат ордун ээлөө үчүн талапкер катары тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган, Конституцияда жана ушул Мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык келген адам»* экендиги белгиленген.

Ушул нормага жараша шайлоо комиссиясынын чечимине ылайык талапкер катталган деп эсептелинерин белгилөө зарыл.

Ушуга байланыштуу БШК алынган добуштар бирдей болуп калганда айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесинин 4-бөлүгү колдонуларын белгилейт, аталган беренеде мындай шарттар пайда болгон учурда маселе чүчүкулак өткөрүү жолу менен чечилери белгиленген.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

*аткаруучу: укуктук камсыз кылуу бөлүмү*
*тел: 62-01-84*